**«Бекитемин»**
**Ош Мамлекеттик университетинин**
**ректору, профессор К.Г. Кожобеков**
**_______________________**
**“___” ____03_______2024-ж.**

**Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин**
**“Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасынын**
**кеңейтилген жыйынынын**
**№_7_ ПРОТОКОЛУ**

**Ош шаары** **7- март 2024-жыл.**

**Катышкандар:** Кулдышева Г.К. ю.и.д., профессор (12.00.01; 12.00.02),Токторов Э.С. ю.и.д., профессор (12.00.09), Мазитов Р.Я. ю.и.к., доцент (12.00.02), Маматазизова Э.К. ю.и.к., доцент (12.00.01), Кармышаков М.А. ю.и.к. (12.00.03), Пазылов Н.А. ю.и.к., доцент, Татенов М.Б. ю.и.к., доцент (12.00.02) ( жыйындын төрагасы), Матисакова З.У. ю.и.к. (12.00.01), Нарматов Х.Б. ю.и.к., доцент (12.00.02), Жусупова Н.Ы. п.и.к. (13.00.08), Миңбаев С. ю.и.к., доцент (12.00.01), Шоокумова Д.П. ю.и.к. (12.00.01), Жолдошев М.А. ю.и.к. (12.00.09), Жаасынбек кызы А. ю.и.к. (12.00.09), Акпарова А.Т. доцент, **Ага окутуучулар** - Таштанбек кызы А., Асанова Ү.А., Бургоева А., Танатарова Ф.А., Токтомамбетова К.К., Маманова А., Төлөгөн уулу Т., Махмудав А., Оморова Г.С., Жусубалиева М., Амирова К.А., Ибраимов Б.З., Газыбекова А.О.

**Чакырылгандар:** Арабаев А.А. ю.и.д., профессор.

**Отурумдун төрагасы:** “Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасынын башчысы, ю.и.к., доцент Татенов М.Б.

**Отурумдун катчысы:** Турар кызы М.

**Күн тартибинде:**

Ош мамлекеттик университетинин улук окутуучусу, изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлдүн **“Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери”** деген темадагы 12.00.02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган

диссертациялык ишин талкуулоо. Илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор Арабаев Автандил Анисович.

**Угулду:**

**Жыйындын төрагасы ю.и.к., доцент М.Б.Татенов:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү жыйынга изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлдүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы 12.00.02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертациялык ишинин кол жазмасы алгачкы жолу талкууга коюлууда. Илимий жетекчиси: ю.и.д., профессор А. А. Арабаев.

Диссертациялык иштин негизги мазмуну менен катышуучуларды тааныштыруу үчүн сөздү изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлгө берсек.

**Изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүл:** Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, бүгүн сиздердин талкулооңуздарга "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы кандидаттык диссертациямдын негизги маани-маңызын назарыңыздарга жана тийиштүү талкууңуздарга сунуштайбыз.

Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясына ылайык, үй-бүлө коомдун негизи катары таанылат. Ушундан улам, үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турушат. Негизги мыйзамыбыз болгон конституцияда келечек муундун өкүлдөрүнө – балдарга да өзгөчө көңүл бөлүп, аларды Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы катары бекитет. Ошону менен бирге, балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялоо милдетин мамлекетке жүктөйт.

Албетте, мындай конституциялык-укуктук позициянын маңызында үй-бүлөнүн укуктук эле эмес, социалдык да макамы жатат. Анткени адамзаттын турмушунда үй-бүлө өзгөчө мааниге ээ экендиги талашсыз. Бала төрөлгөндөн баштап, аны бапестеп багуу, тарбиялоо, келечекте өсүп-жетилиши, арийне, үй-бүлөдө өтөт. Ошону менен бирге, ата-эненин, балдардын бири-бири менен болгон мамилелери, үй-бүлөдөгү карым-катнаштары – баары биригип келип, өзгөчө коомдук мамилелерди түзүшөт.

Үй-бүлөнү коомдун негизи катары таануу конституциялык идеялык башталыш катары үй-бүлөнүн коомдук маанисин, коомдогу ордун, коом алдындагы максаты менен милдетин, коом менен үй-бүлөнүн катнашын алдын ала аныктап турат. Ошондой эле, үй-бүлө жана аны менен байланышкан тиешелүү коомдук мамилелердин укуктук жөнгө салынышынын негизинде жатат. Б.а. үй-бүлө, нике куруу, никедеги укуктар жана милдеттер, жалпы эле

үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана кызыкчылыктары, үй-бүлөдөгү жоопкерчилик – мына ушунун баары, биздин оюбузча, укуктук жөнгө салынууда, бир жагынан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери, кызыкчылыктары менен жоопкерчиликтерин эске алууну талап кылса, экинчи жагынан, коомдун да кызыкчылыктарын эске алуу менен, анын да үй-бүлө алдындагы жоопкерчилигин талап кылат.

Үй-бүлө коомдун негизин түзүп, коомдук институт болгону менен, ал жалаң гана коомдук жөнгө салуу механизмдери аркылуу эмес, мамлекет тарабынан санкцияланган укуктук механизмдер менен да жөнгө салынууга тийиш. Себеби үй-бүлө мүчөлөрү жана жалпы үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучулары абстрактуу объекттер эмес, алар конкреттүү адамдар (жарандар, жарандыгы жок адамдар, чет элдик жарандар), андан барып – укуктук субъекттер, алар үй-бүлөлүк мамилелерде өз ара жана мамлекет менен укуктук байланышта болот, өздөрүнүн жеке же жалпы укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууда мамлекет, анын органдары жана кызмат адамдары менен мамиледе болушат. Албетте, бул мамилелер укуктук жөнгө салууга жатат.

Учурда кыргыз коомунда үй-бүлөлүк мамилелер ата-мекендик укук таануучулар тарабынан да изилденип келет, аларды айта кетсем К. А. Абдуганиев, А. Айтмамат кызы, А. Т. Алтыбаева, Р. А. Анисов, А. А. Арабаев, А. Р. Алтымышова, Г. Н. Муратбаева, С. К. Насбекова, А. Н. Ниязова, Б. И. Борубашов, Е. В. Голышева, Ч. М. Турсунбаева, А. А. Сабиров, Ж. Ж. Сабырова, Ж. Ч. Тегизбекова, Б. Г. Тугельбаева, Ж. Т. Кумысбекова ж.б. тарабынан ар кандай деңгээлде изилденип келет.

Ошол эле мезгилде, Кыргызстандагы үй-бүлөлүк мамилелердин конституциялык-укуктук принциптеринин атайын диссертациялык изилдөөнүн предмети катары карала электиги да бул теманын актуалдуулугунан кабар берет деп эсептейбиз.

*Изилдөөнүн обьектиси* катары Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери менен байланышкан коомдук мамлилелер эсептет.

*Изилдөөнүн предмети* болуп үй-бүлөлүк укуктун негизги категориялары менен түшүнүктөрү жана аларды иштеп чыгуудагы жана илимий талдоодогу теориялык көз-караштар жана позициялар, үй-бүлө укугунун институционалдык тутуму жана өзгөчөлүктөрү, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдары, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун теориясы жана практикасы түзөт.

*Изилдөөнүн максаты* Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан иштеп чыгуу менен

аларды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды сунуштоо. Максатка жетүү үчүн изилдөөдө төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

үй-бүлөлүк укукту изилдөөдөгү негизги илимий эмгектер менен позицияларды чагылдыруу; үй-бүлөлүк мыйзамдарга жалпы мүнөздөмө берүү; үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объекти, предмети менен методдорун аныктап, мүнөздөмө берүү; үй-бүлөлүк укук түшүнүгүн, анын маңызы менен мазмунун талдоо; үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин негиздерин изилдөө; үй-бүлөлүк укуктарды коргоо маселесин талдоо; үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти изилдөө; Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

*Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.*

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында ата мекендик конситуциялык-укуктук илиминде бир катар жаңы илимий-теориялык позицияларды чагылдырган төмөнкү теориялык жоболор менен практикалык сунуштамалар иштелип чыкты:

1) “үй-бүлөлүк укуктук мамилелер» түшүнүгүнө автордук аныктама сунушталды;

2) үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлдү;

3) үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталды;

4) конституциялык принциптер менен үй-бүлөлүк укуктук принциптердин конституциялык укук менен үй-бүлөлүк укуктун катышын чагылдыруусу далилденди;

5) “үй-бүлө - коомдун негизи”, “үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат” конституциялык принциптеринин маани-маңызы ачылып көрсөтүлдү;

6)никенин макамынын мазмунун аныктоодогу конституциялык принциптердин мааниси көрсөтүлдү;

7)Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге туруруга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесинин толуктоо керектиги далилденип, автордук сунуштама берилди;

8) Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 1-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү менен кеңейтүү сунушталды;

9) үй-бүлөнүн бакубаттуулугун бекемдөө максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен толуктоо сунушталды;
10) үй-бүлөлүк укукта моралдык зыяндын ордун толтуруу институтун колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү керектиги көрсөтүлдү;
11) үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууну жакшыртуунун жолдорунун бири катары нике келишиминин мазмунун кеңейтүү каралды.

*Коргоого алып чыгуучу жоболор* катары төмөндөгүлөр сунушталды:

1. Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер деп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекитүүгө жана аларды ишке ашырууга байланышкан жана ошол эле учурда тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынган мамилелерди таануу сунушталат. Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер субъекттери жана алардын ортосундагы мамилелердин мааниси жана мазмуну боюнча көп кырдуу мүнөзгө ээ.

2. Үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуу, бир жагынан, жеке кызыкчылыктардын, экинчи жагынан, коомдук кызыкчылыктардын коргоого алынышын камсыз кылат. Мында жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы, бир жагынан, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн укуктары, милдеттери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын, экинчи жагынан, үй-бүлөнүн мамлекет менен коомго карата жана ошол эле учурда коом менен мамлекеттин үй-бүлөгө карата милдеттери менен кызыкчылыктарын туюндурат. Ушундан улам, үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун негизинде жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктар жатат.

3. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда алардын укуктук идеялык башатын конституциялык принциптер түзөт жана алар үй-бүлөлүк тармактык принциптерде толукталып, өзүнчө тиешелүү юридикалык формага ээ болуу менен бирге үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу механизминде өзгөчө ролду аткарышат. Бул, биринчиден. Экинчиден, үй-бүлөлүк укуктун предметтик өзгөчөлүгү анда коомдук мамилелердин, бир жагынан, укуктук принциптер жана ченемдер менен, экинчи жагынан, социалдык башка ченемдер – моралдык, адеп-ахлактык, жүрүм-турум эрежелеринин талаптары менен жөнгө салынышынан кабар берет. Үчүнчүдөн, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда, айрыкча, кыргыз коомчулугуна карата нарк менен салттын сакталышы, бир жагынан, Конституциянын жана үй-бүлөлүк тармактык мыйзамдардын талаптары жана кепилдиги менен, экинчи жагынан, кыргыздын тарыхы, маданияты, руханий турмушу менен шартталат.

4. Конституциялык принциптер менен үй-бүлөлүк укуктук принциптер конституциялык укук менен үй-бүлөлүк укуктун катышын чагылдырып турушат. Мындай укуктук катышта коомдук мамилелерди жалпы жөнгө салуу

жана жеке жөнгө салуу механизмдери орун алышат. Үй-бүлөлүк укуктук принциптер үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда, ар кандай укуктук принцип катары эле, андагы укуктук башталышты чагылдырышат. Ушуга байланыштуу жалпы тармактык принцип болуу менен бирге, өзүнүн мазмуну боюнча бир катар принциптерди камтыйт.

5. "Үй-бүлө - коомдун негизи", "үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" конституциялык принциптеринин маани-маңызы Үй-бүлө кодексинин жана жалпы эле үй-бүлө мыйзамдарынын мааниси менен мазмунун алдын ала аныктап турат. Ушундан улам, биринчиден, үй-бүлө мыйзамдары: үй-бүлөнү чыңдоого; үй-бүлө мамилелерин өз ара сыйлашуу, өз ара жардамдашуу сезимдеринде куруруга; үй-бүлөнүн алдындагы анын бардык мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин бекитүүгө; кимдир-бирөөнүн үй-бүлөнүн ишине мыйзамсыз кийлигишүүсүнө жол бербөөгө; үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруусун камсыз кылууга; үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын сот аркылуу коргоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоого; үй-бүлө мамилелеринде гендердик теңдикти камсыздоого багытталган. Экинчиден, үй-бүлө, аталык, энелик, балалык жөнүндөгү конституциялык принциптин мазмуну Үй-бүлөлүк кодексте ачыкталып, кеңейтилип берилет. "Үй-бүлө - коомдун негизи", "үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" конституциялык принциптеринин маани-маңызы менен мазмуну никеге туруунун, никени токтотуунун жана аны жараксыз деп табуунун шарттары менен тартибин белгилөөдө; үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара жана башка тууугандар менен бөлөк адамдардын ортосундагы жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелерди жөнгө салууда да конституциялык-укуктук негиз түзүшөт.

6. Никенин макамы жана анын укуктук башаты конституциялык принциптер менен аныкталып турат. Ошондуктан никенин конституциялык башаты бул институттун укуктук эле эмес, анын коомдук да маани-маңызына айрыкча көңүл бөлөт. Себеби никени эркек менен аялдын баш кошуусу катары таануу принциби кыргыз коому үчүн принципиалдуу маселе. Ал салттуу кыргыз коомунун адатына, адебине туура келет. Себеби кыргыздар илгертен бери эле үй-бүлө куруу, никеге туруу маселесине өзгөчө көңүл бөлүп келген. Никеден перзент туулуп, тукум узарып, келечек муундун пайда болушу, балдарды үй-бүлөдө тарбиялап өстүрүү, билим берүү, келечекте коомдун керегине жараган уул-кыздардын болушу үй-бүлөнүн жана ошол эле никеде турган жубайлардын-эркек менен аялдын коом алдындагы ыйык жана жоопкерчиликтүү милдети катары таанылып келген. Салттуу кыргыз коомунда балдарды үй-бүлөдө тарбиялоодо ата-эненин бирдей болушу, ата

менен эненин орду, атанын мээрими, эненин мээрими чоң мааниге ээ болуп келген жана дагы да улана берет. Ошондуктан, бул салттык көрүнүштү укуктук жактан тиешелүү мыйзамдарда жана башка укуктук ченемдик актыларда бекитүү коом үчүн да, мамлекет үчүн да маанилүү болгондуктан, Үй-бүлөлүк кодексте аталган укуктук принцип орун алганын баса белгилөө зарыл.

7. Никени эркек менен аялдын баш кошуусу катары таануу үй-бүлөлүк укуктун ченеми гана эмес, анын принциби деп таануу да керек. Себеби никени эркек менен аялдын баш кошуусун үй-бүлөлүк укуктун принциби катары таануу үй-бүлөлүк мамилелерде бир жыныстуу никеге бөгөт коюунун механизмдеринин бири болоору талашсыз. Ушундай механизмдердин бири катары үй-бүлөлүк мыйзамга Кыргызстанда бир жыныстуу никеге жана жуптарга жол берилбестигин белгилеген конкреттүү ченемди киргизүү зарыл. Бул максатта Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге турууга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесине «бир жыныстуу адамдарга» деп киргизүү сунушталат. Мындай учурда, жаңы редакцияга ылайык, эгерде никеге туруучу адамдар бир жыныстуу болушса, алардын никеге туруусуна мыйзам жол бербестиги так көрсөтүлөт.

8. Конституциянын Преамбуласында, 21- жана башка беренелеринде бекитилген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоого багытталган конституциялык принциптердин негизинде Үй-бүлөлүк кодекске тиешелүү толуктоолорду киргизүү керек. Үй-бүлө мамилелеринде үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү, биздин көз-карашыбызда, учурдун талабы. Мындай мазмундагы тиешелүү жобону Үй-бүлө кодексинин 1-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарында белгилөө мыйзамга ылайык.

9. Кыргыз Республикасынын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: "Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш".

10. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси ак ниеттүү жубайдын укуктары жараксыз нике менен бузулган учурда моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугун аныктайт. Үй-бүлө кодексинде моралдык зыян жөнүндө башка эскертүүлөр жок. Чынында эле, моралдык зыяндын ордун толтуруу - бул субъекттердин жеке мүлктүк эмес укуктарын жана

кызыкчылыктарын коргоонун маанилүү ыкмасы болуп саналат. Биздин оюбуз боюнча, үй-бүлөлүк укукта моралдык зыяндын ордун толтуруу институтун колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү керек. Бул укукту төмөнкүлөргө берүү керек: ата-энелерге, баласын мыйзамсыз кармаган адамдан кайтарып берүүнү талап кылганда; бала менен катташуу укугу бузулган туугандарга; жалпы карыздар болгон учурда укуктары үй-бүлөлүк ири чыгымдарды жашырган жубайы тарабынан бузулган жубайына; алимент өндүрүү боюнча узак жана ийгиликсиз аракеттер болгон учурда, адеп-ахлактык жактан жабыр тарткан үй-бүлө мүчөлөрүнө.

11. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси 43-47-беренелеринде Кыргызстандын практикасына нике келишими институтун киргизди, ал келишим никеге чейин же адамдар никеге тургандан кийин түзүлгөндүгүнө карабастан жубайлардын мүлктүк укуктарын жана милдеттерин аныктай турган келечектеги же никелешкен жубайлардын макулдашуусун түшүндүрөт. Учурдагы кырдаалда нике келишиминин мазмуну мыйзамга ылайык өтө чектелүү. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууну олуттуу жакшыртуу нике келишимине жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн киргизүүгө мүмкүндүк берет, бул өз кезегинде жубайлардын ортосундагы мамилелерди толук жөнгө салууга шарт түзөт.

*Диссертациялык иштин апробацияланышы.* Диссертация Ош мамлекеттик юридикалык институтунун Конституциялык жана муниципиалдык укук кафедрасында даярдалды жана Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин Мамлекеттин жана укуктун теориясы кафедрасында талкууланып, коргоого сунушталды.

Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик журналдарга илимий макалалар жарыяланды.

*Изилдөөчүнүн жеке салымы.* Диссертациялык изилдөө ишиндеги негизги илимий жыйынтыктар, коргоого чыгарылып жаткан жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар автордун жеке өзү тарабынан иштелип чыккан.

*Эмгектин түзүмү жана көлөмү.* Диссертация киришүүдөн, 3 главадан, 7 бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштамалардан, колдонулган адабияттын тизмесинен турат.

Үй-бүлөлүк укук улуттук укуктун тармагы катары өзүнүн жөнгө салуу предмети менен методдоруна ылайык бир катар укуктук институттардан турат. Ал эми алардын эң маанилүүсү үй-бүлө экендиги талашсыз.

Дегеле, үй-бүлөлүк укуктук мамилелер субъекттери жана алардын ортосундагы мамилелердин мааниси жана мазмуну боюнча көп кырдуу мүнөзгө ээ деп **жыйынтык чыгарууга** болот.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Татенов М.Б.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, диссертациянын мазмуну боюнча кимде суроолор болсо, диссертантка узатсаңар болот.

**Кармышаков М.А.:** Илимий изилдөө эмгегиңиздин актуалдуулугу эмнеде?

**Мамашарип кызы Б.**: Албетте, Кыргыз Республикасы үй-бүлө жана аны менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуу максатында заманбап жана талапка ылайык Үй-бүлө мыйзамдарын жана тиешелүү мыйзамдык актыларды кабыл алып келет. Бирок, бүгүнкү ааламдашуу доорунун таасири салттуу кыргыз коомуна терс таасирин тийгизип жаткан көрүнүштөр биринчи кезекте кыргыздын салттуу үй-бүлөлүк мамилелеринде да орун алып жатканы коом менен мамлекеттин алдындагы актуалдуу маселеге айланды. Мисалга айтсам, "бир жыныстуу никелер", ЛГБТ, трансгендердик идеология, гендер маселесиндеги аша чапкандыктар менен жат көрүнүштөр азыртадан коомубузда тынчсызданууну пайда кылып жаткан учуру.

Албетте, кыргыз коомунун позитивдүү багытта өнүгүүсү үчүн, анын ичинде кыргыздын улут катары иденттүүлүгүн туюндуруучу улуу салт-санаа, үрп-адат, адеп-ахлагы менен руханий баалуулуктарын сактап калуу максатында, жогоруда белгиленген терс көрүнүштөрдүн тамырын кесүүгө багытталган иш-чараларды көрүү жана алардын ичинде тиешелүү мыйзамдарды кабыл алуу же аракеттеги үй-бүлөлүк мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү.

**Маматазизова Э. К.:** "Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" жобосун конституциялык принцип катары кароого кандай негиздер бар?

**Мамашарип кызы Б.:** Эжеке берген суроoңуз үчүн чоң рахмат. Үй-бүлөнү, аталыкты, энеликти, балалыкты, коргоого алууга, биздин пикирибизде, коом кызыкдар жана милдеттүү. Мындай түшүнүк "үй-бүлө - коомдун негизи" конституциялык принцибинин мааниси менен мазмунунан келип чыгат. Үй-бүлө коомдун негизи болгондуктан, коомдун өзүнүн өнүгүүсү, анда ынтымакты жана туруктуулукту сактоо үчүн биринчи кезекте үй-бүлөдө ырыс-ынтымак, тынчтык керек, үй-бүлө коом алдындагы өз милдетин (келечек муунду асырап, тарбиялап өстүрүү, коомдун өнүгүүсүнө салым кошуу ж.б.) аткаруусу абзел. Коом буга кызыкдар. Андай болбогон учурда, коом тиешелүү коомдук жөнгө салуу механизмдерин иштетүүгө милдеттүү.

Алар кайсылар десек, биринчиден, кеп коомдогу адеп-ахлак, салт, адат, моралдык, этикалык жүрүм-турум эрежелери-ченемдери тууралуу болуп жатат. Бул жаатагы ченемдер коомдо калыптанып, үй-бүлөдөн баштап, балдарга тарбия-таалим менен кошо берилет. Үй-бүлөлүк жана жалпы

коомдук жашоодо аталган жүрүм-турум эрежелеринин мааниси өтө зор экендиги талашсыз. Үй-бүлөнү, аталыкты, энеликти, балалыкты коргоого алуу – мамлекеттин милдети. Бул конституциялык принцип.

Аны ишке ашыруу үчүн мамлекет, биринчиден, үй-бүлөнүн, аталыктын, энеликтин, балалыктын укуктук макамын бекитсе, экинчиден, тиешелүү мамлекеттик органдарга, кызмат адамдарына аларды коргоого алуу милдетин жүктөп, аларды коргоого алуунун укуктук механизмдерин бекитүү менен бирге тиешелүү жоопкерчиликти да жүктөйт. "Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" жобосун конституциялык принцип катары кароо, биринчиден, анын түздөн-түз иштешин камсыз кылат.

Биз жогоруда атап кеткен норманы орус изилдөөчүсү О.В. Кузнецова үй-бүлө, энелик, аталык жана балалык түшүнүктөрүн базалык жалпы укуктук категориялар деп таанып, ошентсе да алардын конституциялык-укуктук мазмунга ээ экендигине көңүл бөлөт. Анын пикиринде, бул категориялардын конституциялык-укуктук мазмунунун өзгөчөлүгү коомдук мамилелерди конституциялык-укуктук жөнгө салуунун предмети жана методу менен шартталат. Биз О.В. Кузнецованын пикирине толук бойдон кошулабыз.

Анткени биздин талдоо көрсөтүп тургандай, үй-бүлө, аталык, энелик, балалык түшүнүктөрү Үй-бүлө кодексинде кеңири каралып, жөнгө салынганы менен алардын башаты Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилип, конституциялык-укуктук мааниге жана мазмунга ээ экендиги талашсыз деп ойлойбуз.

Ошону менен бирге, биздин оюбузча, "үй-бүлө - коомдун негизи", "үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" конституциялык принциптери үй-бүлө жаатындагы мамлекеттик саясатты аныктоого, анын ичинде укуктук саясатты аныктоого жана анын негизги параметрлери менен ишке ашыруу механизмдерин бекитүүгө негиз болушат.

**Жусупова Н.Ы.:** Сизге менин суроом төмөндөгүдөй болмокчу, кандай статистикалык салыштырууларды жүргүздүңүз?

**Мамашарип кызы Б.:** Берген суроонуз үчүн чоң рахмат. Алсак, Кыргызстанда аялдардын сотко кайрылган эң көп доо арыздары ажырашуу жана алимент өндүрүү болуп саналат. Бул соттордо каралып жаткан бардык үй-бүлөлүк иштердин 80%ынан көптү түзөт. Ар жылы Кыргызстанда 145 миңден ашык ымыркай төрөлөт. Жылына орто эсеп менен 50-51 миңге чамалуу түгөй баш кошуп, 10-12 миңдейи ажырашат. 2022-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча ажырашкан аялдардын 6%ы жана эркектердин 3,3%ы катталган. Анын үстүнө, бул расмий никеге тургандар, бирок азыркы учурга чейин расмий каттоосу жок жашаган жубайлардын саны арбын.

Акыркы жылдары Кыргызстанда калыптанып калган тажрыйбага ылайык, жаңы төрөлгөн балдардын төрттөн бир бөлүгү – никеге турбаган энелердин балдары. Алар никени каттоого алышкан эмес. Ал эми, жаңы төрөлгөн балдардын 51%ы - эки ата-энесинин биргелешкен арызы боюнча, 49%ы - энелердин өтүнүчү боюнча гана катталган.

**Танатарова Ф.А.:** Азыркы учурдагы Европа мамлекеттеринде бир жыныстагы адамдардын, тагыраак айтканда эркек менен эркектин же болбосо аял менен аялдын ортосунда никелер катталып жаткандыгы боюнча маалыматт ала алдыңызбы?

**Мамашарип кызы Б.:** Берген суроoңуз үчүн чоң рахмат. Ооба бул тууралсында О.Б. Осколкованын жазган эмгегине кайрылганыбызда, Европалык Союздун өлкөлөрүндөгү мамлекеттик үй-бүлөлүк саясатка арналган эмгегинде Дания, Нидерланды сыяктуу өлкөлөрдө бир жыныстагы адамдардын ортосунда нике каттоого укуктук шарттар түзүлгөндүгүн, ал эми Еврошаркеттин айрым мамлекеттеринде ушундай эле шарттарды түзүүгө аракеттер жүрүп жаткандыгын белгилеген. Бирок, үй-бүлө коомдун негизги ячейкасы – катары анын миссиясы балалуу болуп, аларды тарбиялап-өстүрүүдө болгондуктан, никеге туруунун табигый шарттары никеде эркектин жана аялдын болушун гана талап кылат. Ушундай учурда гана, биздин пикирибизде, адамзат коомунун талаптарына жооп берген, мыйзамдуу нике күткөн, толук кандуу үй-бүлө жөнүндө кеп кылса болот. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси бул контекстте нике түшүнүгүнө аныктама берүүдө никенин, бир тарабынан, эркектин жана, экинчи тарабынан, аялдын ортосунда гана күтүлөөрү ачык жана так позицияны ээлейт.

Алсак, Кодекстин 2-статьясында «нике - үйбүлө күтүү максатында түзүлгөн, жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жарата турган, мыйзамда белгиленген тартипте тараптардын эркек жана аялдын ортосундагы тең укуктуу жана ыктыярдуу баш кошуусу» деп жазылган.

Өлкөбүздөгү бир жыныстуу никеге жол бербөө үчүн диссертациялык ишибизде сунуштама келтиргенбиз, анда Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге турууга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесине «бир жыныстуу адамдарга никеге турууга» деп киргизүү сунушталат.

Биздин оюбузда, бир жыныстуу жуптар жана никелер, ЛГБТ-коомчулугу боюнча азыртан тиешелүү мыйзамдык, моралдык, адеп-ахлактык жана салттуу-адаттык чечимдерди кабыл алып, конкреттүү иш-чараларды көрбөсөк, кандайдыр убакыт өткөндөн кийин кеч болуп калышы мүмкүн. Ал эми учурда Кыргызстанда «Кыргыз Индиго» деген ат менен «Кыргызстандык ЛГБТ+" уюму түзүлүп, Борбордук Азиядагы эң ири уюмга айланып отурат. Өзүнүн

ЛГБТ активисттери «биз демократиялык коом түзүп жатабыз», «биз өлкөлүк жана регионалдык деңгээлде ЛГБТнын укуктарын жайылтып жатабыз», «биз дискриминацияга каршы жана тең укуктуулук үчүн мамлекет жана эл аралык уюмдар менен партнердук мамилеле түзүп жатабыз» ж.б.у.с. программалык пландарын ачык жарыялап келишет. Маселе ЛГБТ коомчулугу активдүү аракеттеринде жатат. Алсак, 2023-жылдын 1-жарымында эле Бишкек шаарында ЛГБТнын 11 жабык кечелери өткөрүлгөн. Албетте, мындай уюм жок жерден эле түзүлүп калган жок.

**Татенов М.Б.:** Сиздин диссертациялык ишиңиздин маани-маңызын ачууда кимдердин илимий эмгектерин жана позицияларын келтире алдыңыз? авторлордон белгилей кетсениз?

**Мамашарип кызы Б.:** Үй-бүлөнүн мамлекеттеги жана коомдогу орду, мааниси, андагы мамилелер дайыма окумуштуулардын көңүл чордонунан орун алып, ар тараптан изилденип келишкен. Азыркы учурда үй-бүлөлүк укук боюнча атайын адабияттар менен окуу китептери өтө арбын экендигин белгилесек болот. Алар ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектери. Алсак, М.В. Антокольская, Е.М. Ворожейкин, А.Г. Гойхбарг, А.М. Белякова, Б.И. Борубашов, Л.Ю. Грудцына, Н.Д. Егоров, А.И. Загоровский, В.В. Залесский, И.Л. Корнеева, С. Муратбек кызы, С.М. Муратбекова, С.А. Муратова, С.К. Насбекованын, А.М. Нечаева, Л.М. Пчелинцева, В.А. Рясенцев, А.А. Сабиров, Г.М. Свердлов, Н.Н. Тарусина ж.б. авторлордун эмгектери.

**Татенов М.Б.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары суроолор жетиштүү болду, эми талкууланып жаткан диссертациялык иштин мазмуну боюнча ой-пикирлериңиздерди айтсаңыздар.

**Токторов Э.С.**: Саламатсыздарбы, эң алгач айымдардын эртеңки майрамы менен куттуктап өтөйүн, жылдын төрт мезгили болсо, анын жаз мезгили кыздардын майрамы кирип келип атат. 8-март жандануунун, жашаруунун мезгили, ушул мезгилге жараша силердин дарегинерге миндеген жакшы сөздөр айтылган, силер ага татыктуусуңар. Адам баласынын тукумун улантуучусунар, эң негизгиси денсоолукта болгула, ар дайым жакшылыктарда үй-бүлөнөр менен тынч аман болгула, дагы бир жолу майрамына менен. Илим адам баласынын келечегине жол ачат, ал кайсыл гана илим болбосун, юридикалык илимби, табигый илимдер же гумманитарный болбосун. Ата бабалар айтса керек илим бул ийне менен кудук казгандай. Илим адам баласынын жашоосуна бир гана жакшылык алып келет. Мен илим жактайм деген жаштарды колдойм, анткени жумушу билим берүү тармагында иштеген ден кийин бул талап, изденип изилденип туруу керек.

Мамашарип кызы Багдагүлдүн талкууланып жаткан диссертациялык изилдөөсүнүн темасы бүгүнкү күндөгү актуалдуу жана белгилүү деңгээлде көйгөйлүү болуп эсептелинет. Темалардын ичинде да үй-бүлөгө байланышкан темалар түгөнбөгөн изилдөөнү талап кылган тема.

Мен жана маетешкенде да айттым темаңдын кайталанбаптырбы, мурда ушул тема изилдөөдө болбоптурбу ушуну сайттан текшерип койушун керек. Негизгиси темаң талапка жооп берет, анткени үй-бүлө адам баласынын жашоосунда эң маанилүү. Бүгүнкү күндө батыш өлкөлөрүндө чыгып жаткан көйгөйлөр: анын келечеги жок ал убактылуу нерсе андайдан кудай сактасын.

Темаң актуалдуу, биз жалаң юристер олтурабыз сен муну бир эле Кыргызстанда эмес дүйнө жүзү боюнча коомду жөнгө салуучу, чечүүчү, багыт берүүчүсү ал мыйзам. Ал эми мыйзамдын багыт берүүчүсү бул конституция. Конституция негизги мыйзамыбыз, андан сыртка чыкканга эч кимге эч кандай жол берилбейт. Теманды Конституциянын негиздеп койгонсуң ошон үчүн да тема актуалдуу.

Жумуш илимий көз караштa жазылган, сага ийгиликтерди гана каалайм, кудай буюрса илимий аттестациялык комиссиясына ишти сунуштай берсе болот.

**Кулдышева Г.К.:** Саламатсыздарбы, бүгүн эшикте жаз, босогодо аялдардын майрамы, аудиторияда кызыктуу талкуу, болгондо да аялзатынын өкүлү, биз менен көп жылдан бери эмгектенген Багдагүл эжекебиздин илимий ишин талкуулап жатабыз. Эмнегедир аялдар үй-бүлөнү тыңдап, балдарды чоңойтуп эне катары өзүнүн статусун бекемдеп андан кийин убакыт сааты жеткенде илим кылат экен. Мындай айтканда Багдагүл бышып жетилип тажрыйба топтоп даяр болуп калды десем болот.

Эми негизги биз талкуулап жаткан иш боюнча болсо – илим изилдөө 12-00-02 бул конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча жазылган илимий иш экен. Тема “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” деген экен. Юридика илиминин доктору, профессор Автандил Анисович жана эжеке тарабынан сунушталып жаткан илимий иш.

Талкууда көрдүнүздөр кандай кызык болду. Эркектер көп аялдуулук боюнча айтып жатат, кээ бириңиздер нике келишми жөнүндө, демографиялык өсүү боюнча айтылып жатат. Негизи үй-бүлө деген ушундай бир категория экен өмүр бою бул тема актуалдуу коомдо болобу, массалык болобу актуалдуулугун жоготпойт. Анан үй-бүлөлүк аспект кенен экен, мамлекет үй-бүлөдөн башталат, үй-бүлө бекем болсо мамлекеттин пайдубалы бекем болот деп айтылып кетет. Анан баалуулуктары боюнча айтып жатабыз ата-эне, балалык. Азыр коомдо кайсыл маселени көтөрбөйлү үй-бүлө менен

байланышып чыгат. Экономикада да миграционный процесстер таасир берет, б.а. терс таасирин берет. Аялзаты чет өлкөгө чыгып үй-бүлөнү багып жатат бирок үй-бүлөлүк баалуулуктарга терс таасирин тийгизип жатат үй-бүлөлөр бузулуп калып жатат, балдар ата-эненин тарбиясын албай калып жатат, ал эми демографиянын өсүшү бир жыныстык никеге түрткү берип жатат, биздин ата-бабабызда каада салтта андай көрүнүштөр болгон эмес, ушулар деле үй-бүлөнүн баалуулуктарын таасир этет, калыптануусуна, аялдардын кылмыштуулугу, өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугу ж.б. маселелерди козгобойлу үй-бүлө менен байланыштуу болуп жатат.

Ошондуктан, биз талкуулап жаткан илимий иш, жетекчиси жана эжеке тараптан сунушталган тема абдан актуалдуу деп айтам. Бул теманы ар аспектиде ар түрдүү караса болот, үй-бүлө деген кеңири масштабдуу маселе.

Ошондой эле, үй-бүлөдөгү мүлктү бөлүштүрүү, мурас, маселелери да бул иштин конституциялык укуктун негиздери катары кароого түрткү берди окшойт. Кыргызда жакшы сөз бар үй-бүлө коомдун күзгүсү – тарбия үй-бүлөдөн башталат, сый урмат маселелери да үй-бүлөдөн башталат.

Илимий жетекчи тарабынан Багдагүл эжеке тарабынан тандалып алынган теманын актуалдуулугу боюнча айткым келет, талашсыз факт эч ким айта албайт бул тема эскирди деп, анткени үй-бүлөлүк маселелерди чечмей сайын коом өнүкпөйт. Ошондуктан укуктук жактан көбүраак изилдесек жарандарыбыздын практикалык жашоолоруна оң таасирин тийгизет деп айткым келет. Диссертант айтып өттү “үй-бүлө – бул коомдун негизи, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат” деп айтып өттү. Биздин жаңы 5-май 2021-жылы кабыл алынган конституциябыздын 26-беренесинде “Үй-бүлө мыйзамда белгиленген нике курагына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу никеге туруусунун негизинде түзүлөт” деп жазылган. Бул жерде мен өтө сүйүнөм “эркек менен аял” деп жазылганына, бүгүнкү күндө айтылып жаткан феминисттик көз караштар эч кандай таасирин тийгизе албайт деген чоң ишеничим бар. Ал эми ушул березенин 3-пунктунда “Жубайлар никеде жана үй-бүлөдө тең укуктарга жана милдеттерге ээ” деген бул конституциялык норма муну биз аткарышыбыз керек.

Бүтүндөй үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салып турган жакшынакай кодексибиз бар. Кодекс 2003-жылы кабыл алынган, бирок азыркы учурга чейин өтө көп сунуштар, өзгөрүүлөр киргизилип, кодекчтин биринчи беренесинде жазылган “Үй-бүлө - коомдун негизи” деп, Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык - бүткүл коомдун камкордугунун жана айрыкча мыйзамдык коргоонун жүйөсү деп айтылып атат, б.а. тема актуалдуулугу чексиз.

Эми ишти бүткөн иш деп кабыл алса болот, иштеги граматикалык, орфографиялык каталар бул оңдоло турган нерсе, кыйынчылыкты албайт,

эжекенин биздин алдыбызга алып чыгышы, урматтуу коллегалар менин илимий ишим аяктады деп бизге отчет берип жатат, ошондуктан мындан да көп шифровка болот агай, эжеке экөө бүгүнкү сунуш, пикирлерди эске алып дагы иштешет. Бул иш дагы чоң практикалык мааниге ээ, себеби илим катары жазууда калып калбастан ал иш практикада эл үчүн иштеш керек.

Бул иштин мага дагы жакканы изиденүүчү жана илимий жетекчи жоболорунда автордук аныктамаларды бергенинде, бул деген өтө смела, эжеке ишинин баалуулугун жакшыртып жатат деп айткым келет.

Конституцияга да өзгөртүү ктргтзтп жатасыңар, ушуну мыйзам катары же концепция катары сунуштасаңар жакшы, Конституцияга өзгөртү киргизүү менимче убакыттын келиши менен ишке ашат деген жакшы ойдомун.

Изилдөөчүнүн иши Кыргыз Республикасынын илим изилдөө комиссиясынын талаптарына жооп берет. Изилдөөчүнүн илимий макаласынындагы балдары жетет деп ойлойм, анткени иш талкууга жетип калыптыр.

Бул илимий иштин дагы жакшы жагы Россия Федерациясынын изилдөөчүлөрүнүн эле эмес ата мекендик ушул жааттагы эмгектеринин көптүгү менен жакты, мисалы: К.А. Абдуганиев, А. Айтмамат кызы, А.Т. Алтыбаева, А.Р. Алтымышова, Р.А. Анисов, А.А. Арабаев, К.И. Асанова, Б.И. Борубашов, Г.Н. Муратбаева, С.М. Муратбекова, С.К. Насбекова, А.Н. Ниязова, Ч.М. Турсунбаева, мен айткым келет эжеке өзүнүн изилдөөсүндө ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектерин изилдеп келтиргени сүйүнүчтүү көрүнүш деп айткым келет. Дагы жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн ушул жаатындагы абалдары келтирилген.

Илимий ишти аяктаган эмгек катары эсептесек болот. Бардык коллегаларга сунуштайт элем, коллегабызды колдогонго. Эжекеге ишине ийгилик каалайм, ден соолугу бекем болсун, үй-бүлөлүк бакыт каалайм. Бардык аялзатын да 8-март майрамы менен куттуктады, негизинен ушундай илимий талкуулар көп болсун, факультетибизде илимий өсүү өнүгүүлөр болсун, жакшылыктар гана боло берсин.Чоң рахмат.

**Татенов М.Б.:** Мен дагы сөз сүйлөп койсом, Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациясы абдан актуалдуу темада жазылган, өзүңөр байкап жатасыңар акыркы 10 жылда үй-бүлөлөр кризиске учураган. Үй-бүлө коомдун ячейкасы дейт да, эгерде үй-бүлө бактылуу болсо коом жана мамлекет бекем болот. Илгертен байкалган Рим ипмериясы кулардын астында үй-бүлөлөр кризиске учураган экен. Ошондуктан үй-бүлөнү бекемдеш керек. Өлкөбүздө акыркы он жылдыкта бир нече үй-бүлөлүк көйгөйлөр пайда болду, мисалы эмгек миграциясы, көпчүлүк ата-энелер чет өлкөгө иштегени кетип балдары кароосуз калган учурлар, балдарга зомбулук көрсөтүлгөн жагдайлар көп болуп

атат, ажырашуунун саны көбөйүүдө, үй-бүлөлүк зомбулуктар ж.б. тууралсында сунуштар келтирилиш керек.

Негизинен иш көлөмдүү жазылган, жаңы талаптар боюнча изилдөөнүн объектиси жана предмети главанын башында көрсөтүпсүңөр, киришүүдө да көрсөтүлүп калыптыр ушуну алып койсоңор, андан кийин сунушталган 11 жобону бериптирсиңер бул көп деп ойлойм, менимче 7-8 сунуш болот, 1-главада тыянактар жок, квадраттык скопкалар колдонулуш керек, кээ бир грамматикалык каталар бар аларды оңдосо болот.

Ишти коргоого сунуштаса болот, сунуш пикирлерди эске алуу менен. Сизге ийгилик каалайм.

**Маматазизова Э.К.:** Багдагүл Мамашариповна, чоң көлөмдүү ишти аткарып жатат, куда кааласа биздин мамлекетке чоң жаңылык, өзүңөр билесиңер экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу бизде мыйзамдарды тез, тез өзгөртүү, толуктоолор киргизилип турат, андан сырткары факультетке дагы сиз чоң салым кошуунун алдында турат, эмнеге дегенде ППСтин сапаттык көрсөткүчүнө. Ошондуктан сизге ийгилик каалайм, Кудай жолуңузду ачык кылсын, жолуңуз шыдыр болсун, мына күнү коргоого кошулду деген жакшы кабар менен бизди сүйүндүрүңүз.

**Кармышаков М.А.:** Багдагүлдү изилдөө ишинин аякташы менен куттуктап кетким келет, Илим изилдөө оңой эмес муну биз көпчүлүгүбүз жонтерибиз менен сезгенбиз. Иш мазмунунда 02 шифринде экен, эми келечекте 03 шифрына да ыктасаңар деп чакырып кетет элем, анткени илим деген бардык нерсенин алдында туруш керек, мыйзамдардын коомдогу мамилелердин дегеле, дактриналдык деңгээлде деп коебузго, илимпоздор көбүрөөк болсо мамлекеттин имунитети күчтүү болот. Буга чейин сиз теманы бекиткенден кийин көп өзгөрүүлөр болду, мисалы конституциядагы кээ бир беренелер киргизилди, "эки адамдын" деген сөздү "аял эркек"деп жазуу анткени бөйрөктөн шыйрак чыгарган мезгилде турабыз. Марат Бейшенбекович айтып кеткендей үй-бүлө бекем болсо мамлекет бекем болот.

Иштин дагы эң жаккан жагы кыргыз тилинде жазылгандыгында, пропаганда азыраак болуп атабы кыргыз тилине салым кошсок терминдерди бирдиктүү сөздүктүн жоктугубу же илимий көз караштардын аздыгынан кыргыз тилинде эмгектердин аздыгына себеп болуп жатат менин оюмча. Ошон үчүн бул жагынан сизде ийгилик бар, дегеле темаңызда аябай актуалдуу анткени, үй-бүлө коомдун майда бөлүкчөсү экен, бул илимди изилдөө менен үй-бүлөлөрдүн бекем болушуна кошкон салымыңыз деп эсептейм, о.э. кыргыз тилинде жазылышы кыргыз тилинин өнүгүшүнө кошкон салымыңыз. Ишиңизге ийгилик.

**Пазылов Н.А.:** Урматтуу кесиптештер аябай жакшы талкуу болду Багдагүл эжеке сизге ийгилик каалайбыз, Марат Бейшенбекович сизге ыраазычылык билдиребиз. Бүгүнкү талкуу иш жүзүнө ашат жана илимге салымын кошот деп ойлойм.

**Татенов М.Б.:** Урматтуу кесиптештер, буга чейинки чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин эске алуу менен талкууну жыйынтыктоону сунуштаймын.

Башка кошумча пикир же сунуштар жок болсо жыйынтыктоо үчүн сөз диссертантка берилет.

**Мамашарип кызы Б.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары! Сиздердин талкууңуздарга коюлган "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы илимий изилдөө ишимдин үстүнөн бир топ жылдан бери эмгектенип келдим. Албетте, бир диссертациялык иштин алкагында темага байланыштуу бардык көйгөйлүү маселелерди изилдеп, кароого мүмкүн эмес экен. Диссертациялык жумушумду алгачкы жолу талкууга коюп жатам. Ошондуктан, сиздер айткан сын-пикирлерди туура кабыл алып, дисссертациялык ишти мындан ары сапаттуу багытта өзгөртүүгө аракет кылам жана кемчиликтерди жоюуга толук аракетимди жумшайм. Сиздерге ыраазычылык билдирем.

**Татенов М.Б.:** Ош мамлекеттик юридикалык институтунун окутуучусу, изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлдүн 12.00.02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" деген темадагы диссертациялык иши коомдук коргоого сунуштоону колго саламын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы»-жок, «калыс»-жок.

## КОРУТУНДУ

### 1. Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.

Диссертант Мамашарип кызы Багдагүлнын 12.00.02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин талкуулоо "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" деген тема боюнча илимий изилдөө иши, дегеле үй-бүлөлүк маселелерди изилдөө бүгүнкү күндүн коомдук талабы катары карасак болот. Биздин башкы мыйзамыбызда үй-бүлө коомдун негизи катары каралган. Анткени, үй-бүлөдө ата-эне, жубайлар, балдар, үй-бүлө мүчөлөрү

коомду түзөт. Ал эми үй-бүлөнүн коомдогу мааниси, орду, максаты, милдети укуктук жөнгө салынышында турат. Башкача айтканда, үй-бүлө, нике куруу, никедеги укуктар жана милдеттер, жалпы эле үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана кызыкчылыктары, үй-бүлөдөгү жоопкерчилик – мына ушунун баары, укуктук жөнгө салынууда, бир жагынан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери, кызыкчылыктары менен жоопкерчиликтерин эске алынуусун талап кылса, экинчи жагынан, коомдун да кызыкчылыктарын эске алуу менен, анын да үй-бүлө алдындагы жоопкерчилигин талап кылат. Ошондуктан үй-бүлөнүн ар бир катышуучусунун үй-бүлөлүк милдеттерин ишенимдүү аткаруусу, үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактап калуу, үй-бүлөлүк мамилелерди ирееттүү жөнгө салуу, үй-бүлө укугунун субъектилеринин мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, нике жана үй-бүлөлүк мамилелер чөйрөсүндөгү укук бузууларды кыскартуу, мыйзамдын жана адеп-ахлактын талаптарына ылайык үй-бүлөлүк мамилелерди жана укуктук кызыкчылыктарды ишке ашыруу учурдагы актуалдуу маселе катары айтууга болот.

## 2. Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары

Иштеги илимий жыйынтыктар, жоболор жана корутундулар тажрыйбалык зор мааниге ээ. Изилдөөчүнүн үй-бүлөлүк мыйзамга Кыргызстанда бир жыныстуу никеге жана жуптарга жол берилбестигин белгилеген, бул максатта Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге турууга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесине «бир жыныстуу адамдарга» деп киргизүү. Ошондой эле, башкы мыйзамда бекитилген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоого багытталган конституциялык принциптердин негизинде үй-бүлөлүк кодекске тиешелүү толуктоолорду киргизүүнү б.а. үй-бүлө мамилелеринде үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү, үй-бүлөлүк укукта моралдык зыяндын ордун толтуруу институтун колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, нике келишимине жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн киргизүү учурдун талабы деген көз караштарын сунушталган.

## 3. Диссертацияда келтирилген илимий жоболордун, корутунду жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн даражасы.

Диссертациялык иш, жыйынтыкталган илимий-изилдөө эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн предмети, обьекти жана ыкмалары коюлган максатка жана маселеге ылайык келет. Илимий эмгекте адабияттардын чоң көлөмү, окумуштуулардын эмгектери, көз караштары, ошондой эле жеткиликтүү ченемдик укуктук актылар колдонулган. Диссертациялык иш жогорку теоретикалык деңгээлде аткарылган.

**4. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий-практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш өлкөлөрдүн үй-бүлөлүк укук предметин окутууда колдонулушу мүмкүн.

Кээ бир теориялык, практикалык корутундулар жана жоболор, автор тарабынан эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда, басылма түрүндө жарыяланган.

**5. Изилдөөнүн кесипке карата катнашы.**

Каралып жаткан маселелер боюнча, аларды чечүүнүн усулдары жана алынган жыйынтыктар боюнча Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациялык иши 12. 00 02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине ылайык келет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, “Мамлекеттин жана укуктун теориясы” кафедрасы сунушталган диссертациялык иш өзүнүнүн теориялык-усулдук деңгеели жана практикалык мааниси кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берген, аякталган илимий изилдөө иши катары баалайт.

**Ош мамлекеттик университетинин “Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасы**

**Т О К Т О М КЫЛАТ:**

1. 12.00.02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү **Мамашарип кызы Багдагүлдүн** “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы кандидаттык диссертациясынын Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин “Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасында талкулоо боюнча отурум бекитилсин.

2. Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин улук окутуучусу, изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлдүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу диссертациялык иштин мазмунунун жана негизги тыянактардын натыйжасында 12.00.02. – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жогорудагы сын-пикирлердин жана сунуштардын баарын эске алуу менен диссертациялык иш коргоого сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

"Макул" – бир добуштан;

"Каршы" – жок;

"Калыс" – жок.

3. Мамашарип кызы Багдагүлгө 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Отурумдун төрагасы:** **Татенов М.Б.**

**Отурумдун катчысы:** **Турар кызы М.**

Ош МУ
Тастыктаймын
2024ж. «19» 09
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.